***DOI:10.26104/NNTIK.2023.94.64.032***

*Заилова Ж.Ж.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ОКУП ТҮШҮНҮҮ КӨНДҮМҮНҮН РОЛУ

*Заилова Ж.Ж.*

# РОЛЬ НАВЫКОВ ПОНИМАНИЯ ПРОЧИТАННОГО В ФОРМИРОВАНИИ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРЕДСТАВЛЕНИЙ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*Zh. Zailova*

# THE ROLE OF READING COMPREHENSION SKILLS IN THE FORMATION OF ENVIRONMENTAL PERCEPTIONS OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

*УДК: 373.3*

*Бул макалада башталгыч класстын окуучуларын экологиялык түшүнүктөрүн калыптандыруу, окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү негизги базалык көндүмдөрдүн бири болгон окуп түшүнүү көндүмүн өнүктүрүү маселелери сунушталды. Текст менен иштөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болуу менен окуучулар тексттен маалымат ала алышат жана аларды окуу процессинде колдоно алышат. Окуганын түшүнүү – окуган текстинин маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны интерпретациялоо жана окуган текстине карата өз пикирин, мамилесин калыптандыруу көндүмү. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүүгө зарыл болгон маанилүү көндүм. Окуганын түшүнүүнүн деңгээлдери, окуганын түшүнүүгө үйрөтүүнүн стратегиялары, окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүү факторлору чечмеленди. 3-класстын программасынан «Мээримдүү канаттуулар» тестинин мисалында жаратылыш, табият менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоо үчүн окуп түшүнүүнүн стратегияларын пайдаланып жүргүзүлгөн эксперимент көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *экология, башталгыч класс, окуучулар, окуу көндүмү, окуп түшүнүү, компетенттүүлүк, стратегиялар.*

*В этой статье были представлены вопросы формирования экологического понимания учащихся начальной школы, развития навыков понимания прочитанного, которые являются одним из основных базовых навыков в развитии навыков чтения. Обладая базовыми навыками работы с текстом, учащиеся могут извлекать информацию из текста и использовать ее в процессе обучения. Понимание прочитанного – умение понимать смысл прочитанного текста, умение его интерпретировать и формировать свое мнение, отношение к прочитанному тексту. Это важный навык, необходимый для обучения учащихся с начальной школы. Интерпретировались уровни понимания прочитанного, стратегии обучения пониманию прочитанного, факторы понимания содержания прочитанного текста. На примере теста «Любящие птицы» из программы 3 класса был продемонстрирован эксперимент с использованием стратегий понимания прочитанного, чтобы воспитать сладкие отношения с природой, природой.*

***Ключевые слова:*** *экология, начальный класс, ученики, навыки чтения, понимание прочитанного, компетенции, стратегии.*

*This article presented the issues of formation of ecological understanding of primary school students, the development of reading comprehension skills, which are one of the main basic skills in the development of reading skills. With basic text skills, students can extract information from the text and use it in the learning process. Reading comprehension is the ability to understand the meaning of the read text, the ability to interpret it and form your opinion, attitude to the read text. This is an important skill necessary for teaching students from elementary school. The levels of reading comprehension, strategies of teaching reading comprehension, factors of understanding the content of the read text were interpreted. Using the example of the «loving birds» test from the 3nd grade program, an experiment was demonstrated using reading comprehension strategies to foster a sweet relationship with nature, nature.*

***Key words:*** *ecology, elementary grade, pupils, reading skills, reading comprehension, competencies, strategies.*

Өткөн кылымдын экинчи жарымынан бери адамдардын терс таасирлеринин натыйжалары табият жалпы элди тынчсыздандыра баштаган жана чоң масштабдагы ишке ашыруу чечими кабыл алынып, мындай терс аракеттерди жоюуга багытталган иш-аракет жагдайлар жана аларды алдын алуу иштери жүрүп келет. Мамлекеттин көңүл чордонунда өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын тукум курут болуп бараткан түрлөрү жана аларды коргоо чараларын иштеп чыгуу, жалпы экология маселеси, экологиялык билим берүү турат. Экологиялык билим берүүнүн негизги максаты айлана-чөйрөгө аң-сезимдүү мамиле жасоочу жаш муундарды тарбиялоо. Аны мектепке чейинки билим берүүдөн, башталгыч класстан баштоо керек. Башталгыч мектепте экологиялык маданияттын пайдубалы түптөлөт. Бала курчап турган жаратылышка карата жүрүм-турумунан «жакшы менен жаманды» түшүнүшү керек. Буга сабак учурунда, маектешүүлөрдө, оюндарда, конкурстарда, сабактан тышкаркы иш-чараларда, класстан тышкаркы иш-чараларда жетишилет. Адабий окуу сабактарында балдар жаратылыш жөнүндө чыгармаларды окушат, ырларды, табышмактарды, макал-лакаптарды жатташат. Жаратылыш биздин жашообузду кооздоп турат. Ал бизге чоң кубаныч тартуулайт. Бала чагынан тартып, адабий чыгармалардын тааси-

ри астында туулган жердин табиятын таанышат, андагы жашоону туюшат Мектеп программасында адабий окуу сабагында «Мээримдүү канаттуулар», «Бул эмне?», «Дарак ыйлайбы?», «Алтын уя» сыяктуу чыгармалар менен экологиялык жактан түшүнүк алышат. Окууга үйрөтүү процессинде маанилүү милдет окуган текстти түшүнүүгө, сөздөрдүн маанилерин, сүйлөмдөгү же абзацтагы ойду жана бүткүл тексттин негизги оюн таанууга үйрөтүү болуп саналат. Текст менен иштөөнүн базалык көндүмүнө ээ болуу менен окуучулар тексттен маалымат ала алышат жана аларды окуу процессинде колдоно алышат. Текстти түшүнүүнүн үстүндө натыйжалуу иштөөгө үйрөнгөндөн кийин окуучулар башталгыч мектептин программасын ийгиликтүү өздөштүрүп алар өмүр бою керек болгон көндүмдөргө да китеп окууга карата да сүйүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Бул окууга үйрөтүүнүн бардык процессинин жыйынтыктоочу натыйжасы болуп саналат. Окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүү көп факторлорго көз каранды:

- сөздөрдүн маанисин түшүнүү;
- окуунун тууралыгынан жана ылдамдыгынан;
- окуучулардын жашоо тажрыйбасынан жана билиминен;
- окуу убагында эстеп калуу, ойлонуу, эске түшүрүү жөндөмдөрүн колдонгон.

Ар бир китептин түрү окуунун өзүнчө ыкмасын талап кылат. Мисалы, иллюстрацияланган китептерде образдар чоң мааниге ээ жана окуу учурунда буга абдан көңүл буруу керек. Маалымат берүүчү тесттерди окууда карталарды, графиктерди, таблицаларды окууну билиш керек. Ал эми көркөм адабият жанрларын түшүнүү, чыгарманы тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Окуучунун эмне окуп жаткандыгын түшүнүү үчүн окуу мактасын аныктоо керек. Биз эмне үчүн окуп жатабыз, ал бизге экологиялык жактан кандай таасир калтырат, эмнени үйрөнөбүз? Чыгарманы окугандан кийин, окуган текстти жеке тажрыйба жана билим менен байланыштыруу керек.

Бүгүнкү күндө башталгыч класстын мугалиминин алдында окуучулардын негизги базалык көндүмдөрүн өнүктүрүү милдети турат. Мына ушул максатка жетишүүдө окуучуларды окууга үйрөтүү процессс эң маанилүү милдет жана окуган тексттин ойду жана бүткүл тексти негизги оюн таанууга үйрөтүү болуп саналат. Текст менен иштөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болуу менен окуучулар тексттен маалымат ала алышат жана аларды окуу процессинде колдоно алышат. Текстти түшүнүүнүн үстүндө натыйжалуу иштөөгө үйрөнгөндөн кийин окуучулар башталгыч мектептин программасын ийгиликтүү өзөштүрбөстөн алар өмүр бою керектүү болгон көндүмдөргө да китепти сүйүп окууга карата көндүмдөрүнө ээ болушат. Бул окууга үйрөтүүнүн бардык процессинин жыйынтыктоочу натыйжасы болуп калат.

Окуганын түшүнүү – окуган текстинин маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны интерпретациялоо жана окуган текстине карата өз пикирин/мамилесин калыптандыруу көндүмү. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүүгө зарыл болгон маанилүү көндүм.

Окуганын түшүнүүнүн деңгээлдери:

- сөзмө-сөз түшүнүү;
- ой жүгүртүп, талдап түшунүү;
- сынчыл баа берүү менен түшүнүү.

Окуганын түшүнүүгө үйрөтүүнүн стратегиялары:

- окуганга чейин;
- окуу учурунда;
- окугандан кийин.

Окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүү көп факторлордон көз каранды [1].

- сөздөрдүн маанисин түшүнүүдөн;
- окуунун тууралыгынан жана ылдамдыгынан;
- окуучулардын жашоо тажрыйбасынан жана билиминен;
- окуу убагында эстеп калуу, ойлонуу, элестетүү жөндөмдөрүнөн.

Ар бир китеп түрдүү окуунун өзүнчө ыкмасын талап кылат. Мисалы: Иллюстрацияланган китептерде визуалдык образдар чоң мааниге ээ жана окуу учурунда буга абдан көңүл буруу керек.

Башталгыч класстын окуучулары маалымат берүүчү тексттерди окууда карталарды, графиктерди, таблицаларды окууну билиши керек. Ал эми көркөм адабият жанрларын түшүнүү чыгарманы тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Мындай байланыштыруу мотивацияны жана кызыгууну жогорулатат жана текст менен өз ара иштөө шарттарын түзөт. Окурмандык компетенттүүлүк материалды туура так, көркөм түшүнүү менен аң сезимдүү окуй алууну, окуганы жана укканын түшүнүп, ал материалды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш жасоо мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабаттуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн билдирет.

«Адабий окуу» сабагында окуучулардын окуп түшүнүүсүн калыптандыруунун ийкемдүү, натыйжалуу ыкмасы – божомолдоо. Божомолдоо – бул тексттин мазмунунун негизинде гипотеза түзүү, алдын ала баамдоо, болжолдоо жөндөмдүүлүгү. Ал эми болжолдоону башталгыч класстын мугалими чыгарманын аталышы, жанры, иллюстрациялары, ачкыч сөздөр, сөз айкаштары же сүйлөмдөр боюнча ишке ашырууга болот. Натыйжада окуучулардын болжолдоолорунун максаты аркылуу алар эмнелерди билет, кандай тажрыйбага ээ экендиги жана алар эмне жөнүндө окуй тургандыгынын жоромолунуну ортосунда байланыш түзүлө баштайт. Болжолдоо окуучулардын текстти жакшы түшүнүүсүнө, окуганын өзүнүн

тажрыйбасы менен салыштыруусуна шарт түзөт. Болжолдоолор – окуучулардын өздөрү үчүн окуп жаткан текстти кандай түшүнүп жатышкандыгын байкоого жол ачкан көпүрө даярдайт [2, 18-б.].

Биз башталгыч класста 3-класста өтүлүүчү Т.Сыдыкбековдун «Мээримдүү канаттуулар» текстин Окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийинки стратегияны пайдаланып эксперимент жүргүздүк. Окуганга чейин божомолдоп: Кандай канаттууларды билесиңер? Чыгарма эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар? Эмне үчүн Мээримдүү канаттуулар деп аталып калышы мүмкүн? деген суроолорго жооп беришип, чыгарманы тыным менен окуп түшүнүтү.

**Мээримдүү канаттуулар.** Канаттуунун уясы касиеттүү көрүнүп, менин ага кызыкканымды билип, энем ар дайым эскертет: – Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын баспай коёт. Энемдин ушундай кебинен улам уя мага ого бетер касиеттүү көрүнчү. Бирок аны көрүү оңой эмес эле. Кашаттагы кара чыйырчык уялаган жарга көп барамын. Алар чочубасын деп шыбыш чыгарбай сак басамын. Алыстан туруп, жар боорундагы кол баткыдай оюктарды ичимден санаймын. Себеби ар бир оюк өзүнчө уя. Мына, уялардын бири бүтөлдүбү, же бузулдубу, же чыйырчык таштап кеттиби деген ой келет. Көрсө, мен жөн эле чочулайт экенмин. Четтен кырсык болбосо жар боорундагы уя бузулбайт тура. Бир жолу обочодон абайлап турганымда четки уядан чыйырчык учуп чыкты. Ошол замат так төбөмдөн «шуу» эткен коркунучтуу дабыш угула калды. Кайдан-жайдан жетип келген ителги чыйырчыкты «шап» илип алып, туура жакка зыпылдай учту. Азыр эле уясынан чыккан чыйырчык тырмактуунун чеңгелинде калды. Эми балапандары чыкпай калат деп, үйгө ыйлагыдай болуп келдим. Силердин оюңар боюнча окуя мындан ары кандай уланат? Эмне үчүн? Аянычтуу окуяны угуп, энем мени сооротту: – Тырмактууга чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем. Тагдыр ошондой, балам. Эми анын уясын басып, балапанын чыгарчусу бардыр. Көп кечикпей мен жарга келдим. Уя баскан чыйырчыктын төбөсү, же тумшугу көрүнчү мурда. Азыр да четки уядан ошондой тумшукту көрүп, кубанып кеттим. Энем: «Басып чыгарчусу бардыр», – дебеди беле. Чын эле, жетим уяда чыйырчык бөжүйт. Кантсе да эне чыйырчыктын түгөйү го. Ошол замат үйгө келип, көргөнүмдү энеме айттым. Уяны бөтөн чыйырчык басып калганына энем да кубанды: – Ал – түгөйү тура. Жалгыз калган кургур жемден куруйт эми. Мен да чыйырчыкка кантип жем берүүнүн аргасын ойлодум. Өз колумдан келер эместей. Бир айылдын балдары кеңешип, ошол уяга жеткидей укуруктун учуна калай челекче бекиттик. Ага көпөлөк, курт, чымын салдык. Анан аны жар бооруна тикесинен жөлөп койдук. Албетте, биз койгон жем чыйырчыкка азык болду дечи. Күндөр өткөн соң, уянын четинен сары ооз балапандар көрүнгөн кезде кызык окуя болду. Билбейм, биз койгон жем жетпей жаттыбы, айтор, уядагы чыйырчыкка башкалары жардам этишкени байкалды. Бири кетсе, бири жем тиштеп келип, уядагы сары ооздорго берет. Бул күйүмдүүлүктү укканда, чоң кишилер да таң калышты. Анан: – Башына оордук келгенде, биз кишилер ушул чыйырчыкчалык жардам этебизби? Ар кимибиз өз-өз түйшүгүбүз менен убара болуп, күйүмдүүлүк да эстен чыгат. Эмне, тигил чыйырчыктардын өз түйшүгү жок бекен!? Тырмактуулар кол салат ал бечараларга. Оор күндөрү жем табылбай калат. А күйүмдүүлүктү ушул чыйырчыктардан үйрөнсөкчү!.. [4]

Андан соң 4 топко бөлүнүп, Окурмандардын пикирлеринин тизсесинен ар бир топ тандап, тапшырманы аткарышты.

*1-таблица*

**Окурмандардын пикирлеринин тизмеси**

| | | |
|---|---|---|
| 1<br>Кызыктуу фактылар | 2<br>Чыгарманын сюжеттик линиясы | 3<br>Чыгарманын башкы каарманын баяндоо |
| 4<br>Чыгарманын картасы | 5<br>окуя болуп өткөн ордун баяндоо | 6<br>Чыгармада болуп жаткан окуяны баяндоо |
| 7<br>Жабык суроолорду берүү (жөнөкөй жоопторду берүү) | 8<br>Чыгарманын жанрын аныктоо | 9<br>кайра айтып берүүнүн планын түзүү |
| 10<br>Каармандарды салыштыруу жана карама- каршы коюу | 11<br>Чыгарманын эки каарманын салыштыруу | 12<br>Ачык суроолорду коюу<br>(толук мазмунду камтыган кеңири жоопторду атлап кылган) |

**Ишти аткаруунун жолдору:**

- плакат
- иллюстрация
- жазуу иши (тесттин түрлөрү: сүрөттөмө билдирүү, ой жүгүртүү, ишендирүү)
- инсценировка (сахналаштыруу/драма);
- графикалык уюштуруучу;
- же окуучулардын демилгеси боюнча башка нерселер [1].

**1-топ.** Окурмандардын пикирлеринин тизмесинен Чыгарманын сюжеттик линиясын, ишти аткаруу жолдорунан графикалык уюштуруучуну тандап, чыгарманын картасын түзүштү.

**2-топ.** Каармандарды салыштыруу жана карама-каршы коюуну тандап, Венндин диаграммасын бала менен энесин сүрөттөштү.

**3-топ.** Кайра айтып берүүнү тандап, сахналаштырып аткарышты.

**4-топ.** Чыгармада болуп жаткан окуяны баяндап, чыгарманын сьюжеттик линиясына сүрөт тартышты.

Аталган чыгармадан окуучулар жаратылыш менен таттуу мамиледе болууну, жаныбарларга, канаттууларга кантип камкордук кылуу керектигин үйрөнүштү. Табиятта ар бир нерсенин өз орду бар, жаныбарлардын, канаттуулардын, курт-кумурскалардын ортосунда мээримдүк, жылуулук бар экенинине ынанышып, аларды кордобоо керектигин жана ар бир жаныбардын өзүнө жараша ителги сыяктуу душманы болгонуна ынанышты.

Туура экологиялык тарбиялоо келечекте адамзаттын көптөгөн экологиялык көйгөйлөрүн алдын алууга мүмкүндүк берет. Дал ушул башталгыч мектеп курагында бала системалуу билимдин негиздерин алат, бул жерде анын мүнөзүнүн, эркинин, адеп-ахлактык көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү калыптанат жана өнүгөт.

**Адабияттар:**


1. Келгиле окуйбуз. Окуп түшүнүү. Башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. Бишкек, 2018.
2. Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар. - Б., 2014.
3. Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А., Ибраимова К. 2-класстар үчүн түзүлгөн окуулук. - Б., 2012.
4. Абдухамидова Б.А., Рысбаев С.К., Ибраимова К. 3-класс Адабий окуу китеби. – Б., 2014.
5. Маткасымова М.О. Экологическое образование и воспитание школьников. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. - №. 4. - С. 141-143.